УДК 371.3:494.3:894.341
**Мусаева Венера Инятовна, Эдилбекова Мадина Арслановна, Мухамадинова Назима**
И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетиндеги кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын профессору, п.и.д.,
И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика факультетиндеги кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын магистранты
**Мусаева Венера Инятовна, Эдилбекова Мадина Арслановна, Мухамадинова Назима**
к.э.н., профессор кафедры технологии преподавания кыргызского и русского языков педагогического факультета Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева,
Магистрант кафедры технологии кыргызского и русского языков педагогического факультета Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева
**Musaeva Venera Inyatovna, Edilbekova Madina Arslanovna, Mukhamadinova Nazima**
Candidate of Economic Sciences, Professor of the Department of Technology of Teaching the Kyrgyz and Russian Languages of the Pedagogical Faculty of the Kyrgyz State University named after I. Arabaeva,
Master student of the Department of Technology of the Kyrgyz and Russian Languages of the Pedagogical Faculty of the Kyrgyz State University. I. Arabaeva

# КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДА ТААЛИМ-ТАРБИЯЛЫК ТЕМАДАГЫ МАКАЛДАРДЫ ПАЙДАЛАНУУ МЕНЕН ОКУУЧУЛАРДЫН СӨЗДҮГҮН БАЙЫТУУ ЫКМАЛАРЫ

# ПРИЕМЫ РАЗВИТИЕ СЛОВАРНОГО ЗАПАСА УЧАЩИХСЯ С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ ВОСПИТАТЕЛЬНОШО ХАРАКТЕРА ПОСЛОВИЦ НА УРОКАХ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

# DEVELOPMENT OF THE VOCABULARY STOCK OF STUDENTS WITH THE USE OF THE EDUCATIONAL CHARACTER OF PROBLEMS IN THE LESSONS OF THE KYRGYZ LANGUAGE

**Аннотация:** макалада орто мектепте кенже класстарда кыргыз тилин окутууда таалим-тарбиялык маанидеги макал-лакаптарды пайдалануу менен окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү тууралуу ой-пикирлер сунушталды. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда, айрыкча, лексико-грамматикалык темаларды окутуу процессинде этнопедагогикалык багыттагы элдик макалдарды дидактикалык окуу материалы катары кеңири пайдалануу аркылуу окуучулардын оозеки жана жазуу кебин, кеп ишмердүүлүгүн байытуунун жол-жоболору камтылды.

**Аннотация:** В статье рассматриваются общие вопросы развития устной и письменной речи учащихся начальных классов с использованием воспитательного зарактера народных пословиц при обучении кыргызскому языку. А также даны некоторые приемы которые при помощью народных пословиц при обучении кыргызскому языку развивать устный и письменный речи, и речевой деятельности учащихся.

**Annotation:** The article discusses general issues in the development of speech in primary school students using folk proverbs when teaching parts of speech in the Kyrgyz language. And also some techniques have been given which, with the help of folk proverbs, when teaching parts of speech in the Kyrgyz language, develop oral and written speech, and the speech activity of students.

**Түйүндүү сөздөр**: кыргыз тили, оозеки кеп, жазуу кеп, сөз өстүрүү, элдик макалдар, кеп ишмердүүлүгү, угуу, окуу, сүйлөө, жазуу.

**Ключевые слова:** кыргызский язык, устной и письменной речи, развитие речи, народные пословицы, чтение, речевой деятелность, чтение, говорение, письма.

**Keywords:** speech development, parts of speech, folk proverbs, Kyrgyz language, reading, speech activity, reading, speaking, letters.

Кыргыз тили кыргыз элинин улуттук маданиятынын туу чокусу, эң жогорку формасы, руханий көркөм, маданий мурасы катары кылымдарды карытып келсе, ал эми дээрлик отуз жылдан бери мамлекеттик тил макамына ээ болуп, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринен баштап, жогорку окуу жайларында билим берүүчүлүк, тарбиялоочулук жана өнүктүрүүчүлүк максаттарда системалуу түрдө окутулуп келет. Балдардын оозеки, жазуу кебин өнүктүрүү менен сөз байлыгына ээ кылуу маселесине, айрыкча, башталгыч класстардан баштап көңүл бурбасак, кийин кеч болуп калаарын практика жүзүндө көрүп-билип жүрөбүз. Дал ушул куракта окуучулардын кабыл алуусу, кызыгуусу, психологиялык жактан ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү жигердүү болоорун педагог окумуштуулар буга чейин да белгилеп келишкен.

Башталгыч класстар үчүн окуу-нормативдик документтеринде [1,2,3], кыргыз тили боюнча алгачкы окуу китептеринде да балдардын сөзүн өстүрүү жумушуна бөтөнчө көңүл бурулуп келген. Мисалга алсак, И.Арабаев, К.Тыныстанов, С.Нааматов, К.Бакеев, У.Бактыбаев, Х.Карасаев ж.б. [7,8,9] авторлордун ошол алгачкы окуу китептерин атайын архивден алып карап көрсөк көпчүлүк учурда окуу материалы балдарга жеткиликтүү, түшүнүктүү болуусу үчүн элдик этнопедагогикалык багыттагы, мисалы, элдик жомоктор, табышмактар, жаңылмачтар, макал-ылакаптар дидактикалык окуу материалы катары кеңири пайдаланылып, тээ 1960-жылдарга чейин орто мектептерде үзүрлүү окутулуп келгендигин баса көрсөтүп айтмакчыбыз.

Башталгыч билим берүүгө өз учурунда окумуштуулар С.Кудайбергенов, Э.Бердибаев, Ж.Мукамбаев, Б. Рысбекова, К. Сартбаев, А.Осмонкулов, Б.Үмөталиевалардын [10,11] да эмгектери сиңген. Окуучулардын байланыштуу кебин, сөзүн өстүрүү, кеп маданиятын калыптандыруу жаатында андан бери да бир катар эмгектер жарык көрүүдө. Алардын ичинен, мисалга алсак, профессор В.И.Мусаеванын бир нечелеген эмгектерин [15,16,17,18,19,20,21,22,23] белгилеп кетмекчибиз.

Ошондой эле, жалпы эле окуучулардын сөзүн өстүрүүнүн теориялык-методикалык жана педагогикалык-психологиялык маселелерине арналган орус окумуштууларынан С.И.Ожегов, Л.Н.Щерба, Т.А.Ладыженская, Д.Э.Розенталь, Е.Н.Зарецкая, Л.И.Скворцов, В.И.Капинос, Е.И.Никитина, Л.С.Выготский, Н.И.Формановская, М.Р.Львов, А.А.Леонтьев ж.б. эмгектери белгилүү.

Кыргыз тилин окутууда элдик макалдарды колдонуу менен сөз өстүрүү, сөздүк байлыкты жыйноо жумушун окуучу алгач мектептин босогосун аттаган күндөн баштап жүргүзүү зарыл (албетте, бала бакчадан сөздүгүн түптөө керектиги белгилүү. Бул да өзүнчө маселе). 1-класстын 1-жарым жылдыгындагы алгачкы 1-2-чейректеринде алиппе окутулуп, ал кыргыз алиппесинин негиздөөчүсү тунгуч окумуштуу И.Арабаевдин [7], системасы боюнча үч баскычтан тураарын ( алиппеге чейинки мезгил; алиппе мезгили; алиппеден кийинки мезгил) билебиз. Мына ушул мезгилде ар бир бала менен жекече дифференциалдуу иштөө менен аларды куйма кулак кылып, сөзгө кызыктыруу иштери аткарылышы шарт.

- алиппеге чейинки мезгилде макалдар аркылуу сөз байлыгын өнүктүрүү

- алиппе мезгилинде макалдар аркылуу сөз байлыгын өнүктүрүү

- алипеден кийинки мезгилде макалдар аркылуу сөз байлыгын өнүктүрүү

Алипеден кийинки мезгилде да башталгыч мектептин кыргыз тили окуу курсунун фонетикалык жана грамматикалык материалдары окутулуп башталганда дагы окуучулар, алгач, кыргыз тилинин тыбыштык системасы тууралуу окуп-үйрөнүшүп жаткан учурда дагы элдик макалдарды пайдалануу менен сөздүктөрүн байытуу иштери аткарттырылат:

- кыргыз тилинин тыбыштык системасын окутууда макалдар аркылуу сөз байлыгын өнүктүрүү
- үндүү тыбыштарды окутууда макалдар аркылуу сөз байлыгын өнүктүрүү
- созулма үндүүлөрдү окутууда макалдар аркылуу сөз байлыгын өнүктүрүү
- үнсүз тыбыштарды окутууда макалдар аркылуу сөз байлыгын өнүктүрүү
- каткалаң үнсүздөрдү окутууда макалдар аркылуу сөз байлыгын өнүктүрүү
- түгөйлүү тыбыштарды окутууда макалдар аркылуу сөз байлыгын өнүктүрүү

Башталгыч мектепте кыргыз тили сабагын окутууда ар кыл тематикадагы таалим-тарбиялык маанидеги элдик макалдарды дидактикалык окуу материалы катары кеңири пайдалануу менен окуучунун **угуу, окуу, сүйлөө, жазуу кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу менен бирге эле сөз байлыгын өнүктүрүүгө** толук мүмкүнчүлүктөр бар.
Кыргыз элинин рухий, алеп-ахлактык маданий мурасы катары макал-лакаптарынын тематикалары өтө мазмундуу жана бай. Мисалы, бир эле эмгек темасын алып карап көрөлүк:

- Эмгектин наны таттуу, жалкоонун жаны таттуу,
- Эмгек бар жерде өнмөк бар,
- Эл эмгегин жер жебейт,
- Жаздын бир күнү бир жылга тете,
- Жамгыр менен жер көгөрөт, эмгек менен эл көгөрөт,
- Жалкоонун шылтоосу көп,
- Иштебеген – тиштебейт,
- Жаш келсе – ишке, кары келсе – ашка,
- Ашым калгыча ишим калсын,
- Эмгек – дайра, билим – кеме,
- Эмгеги аздын өнмөгү аз,
- Эмгегиң катуу болсо, жегениң таттуу болот,
- Эмгегиң менен элге жак,
- Эмгек эрезеге жеткирет
- Жалкоону жумшаганча **тына-тына өзүң бар ж.б.**

✓ Эмгек темасындагы макалдарды аудио каражаттары аркылуу уктуруу
✓ Эмгек темасындагы макалдарды окуп түшүнүүсү
✓ Эмгек темасындагы макалдарды көркөм окутуу
✓ Эмгек темасындагы макалдарды оозеки айттыруу
✓ Эмгек темасындагы **макалдарды дептерлерине жаздыртуу**

Ошондой эле макал-лакапка мааниси жактан жакын келген таалим-тарбиялык маанидеги накыл кептерди кыргыз тилин окутууда колдонуу да сабактын натыйжалуулугун арттырат деген ойдобуз. Мисалы,

- Адамды айланып жүгүрбө
- Адамдын үстүнөн аттаба
- Ата-энеңдин төшөгүн тебелебе

- Адамга аркаңды салып, тескери карап олтурба
- Акты жерге төкпө
- Айды сөөмөйүң менен сайып көрсөтпө
- Аягыңды асманга чыгарып жатпа
- Атка тескери карап минбе
- Аттын жүгөнүн аттаба
- Аякты сол колуң менен сунба
- Балтаны баскан жолго таштаба
- Бала жатпаган кур бешикти терметпе
- Балапанды өлтүрбө
- Баш кийимди босогого илбе, жерге таштаба
- Баш кийимди белекке бербе, тескери каратып кийбе
- Бышкан ашты таштаба
- Бычактын учу менен тамак жебе, мизин кармаба
- Бычак менен күйүп жаткан отту көсөбө
- Бычак менен казандагы этти сайып чыгарба
- Бутуңду жип менен тушаба
- Бут кийимди төргө чыгарба
- Бүрдөп турган бакты кыркпа
- Босогону баштанып жатпа
- Босогону эки колуң менен кулачтаба
- Босогого олтурба, бутуң менен баспа
- Босогодон аттабай салам бербе ж.б.у.с.

Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутууда макалдарды, накыл кептерди ддиактикалык окуу материалы катары пайдалануу менен сөз өстүрүү иштерин аткарууда ар кыл көнүгүү, машыгууларды жүргүзүү ыңгайлуу. Мисалы:

- Экиден же жуп менен иштетип, макал, накыл кеп айттыруу – диалог түздүрүү;
- Өздөрү билгендерин оозеки сүйлөтүү – монологдук кеп;
- Кластер түздүрүү;
- Венндин диаграммасын түздүрүү;
- Жазуу иштерин аткарттыруу;
- Сөз түркүмдөрүнө карата талдоо жүргүздүрүү;
- Зат atooч сөз катышкан макал айттыруу жана жаздыруу;
- Сын атооч сөз катышкан макал айттыруу жана жаздыруу;
- Сан атооч сөз катышкан макал айттыруу жана жаздыруу;
- Ат атооч сөз катышкан макал айттыруу жана жаздыруу;
- Этиш сөз катышкан макал айттыруу жана жаздыруу;
- Зат атооч сөз катышкан макалга карата текст түздүртүү;
- Сын атооч сөз катышкан макалдарды айттыруу – полилог;
- Сан атооч сөз катышкан макалга карата текст түздүртүү;
- Ат атооч сөз катышкан макалга карата текст түздүртүү;
- Этиш сөз катышкан макалдарды айттыруу – полилог ж.б.

Башталгыч класстарда кыргыз тили сабагында элдик макалдардын негизинде окуучунун сөз байлыгын өнүктүрүүдө **түйүндүү жана предметтик компетенттүүлүктөрдү** калыптандыруучу **репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү деңгээлдеги көнүгүү,**

**машыгууларды жана суроо-тапшырмаларды** иштетүү да окутуунун натыйжалуулугун арттыраарын практика көрсөттү.

Репродуктивдүү деңгээлде окуучу даяр элдик макалдардын үлгүлөрүн колдонуу аркылуу ар кыл тапшырмаларды аткара алды.

Продуктивдүү деңгээлде элдик макалдардын тарбиялык маани-маңызын аңдап билип, түшүнүп, аны оозеки, жазуу кебинде колдоно алды.

Креативдүү деңгээл бул - окуучунун чыгармачылык шыгын арттыруучу деңгээл болгондуктан, окуучу элдик макалдардын тарбиялык маани-маңызын аңдап билип, түшүнүп, аны оозеки, жазуу кебинде колдоно алуу менен бирге эле аны катыштырып, текст түзүү менен ар кыл чыгармачылык көнүгүү, машыгуу, суроо-тапшырмаларды аткара билди. Креативдүү деңгээлде, балким, айрым бир окуучулар өз алдынча кыска, нуска макал ойлоп табуу менен өзүнүн кебин байытууга аракеттениши да мүмкүн.

Мектептерге студенттерди адаптациялык жана кесиптик-профилдик практикага алып барып, алардын сабактарына катышкан учурда, айрыкча, окуучулардын адабий тилде сөз байлыктарынын жардылыгы даана байкалган учурларды көп кездештирдик десек болот. Демек, биз иликтөөгө алып жаткан бул проблема өтө актуалдуу жана бир макала менен гана бул маселе чечилип калбай тургандыгы дагы анык. Алдыда дагы да илимий макалалар жазылат деген пикирдебиз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Башталгыч мектепте «Эне тилин» окутуу боюнча (1-4-класс) предметтик куррикулум.- Бишкек, 2010
2. Башталгыч билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. –Б.: 1996
3. Башталгыч класстардын программасы. Б.: 2013. Билим басма борбору. – 47б.
4. Сартбаев К., Рысбекова Б. Башталгыч класстын окуучуларын орфографиялык сабаттуулукка жана таза жазууга үйрөтүүнүн методикасы. Ф.: «Мектеп», 1967
5. Рысбекова Б., Сартбаев К. Сабат таблицасы.-Фрунзе: Мектеп,1983
6. Рысбекова Б. Алиппени окутуунун методикалык көрсөтмөсү.-Фрунзе: Мектеп,1983
7. Арабай уулу Э. Кыргыз алиппеси. Ташкент, 1924
8. Нааматов С. Алиппе. 1-басылышы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1931, -66б.
9. К.Бакеев Зат атооч жана аны окутуунун методикасы. Ф.: 1958.
10. С.Кудайбергенов Сын атооч, сан атооч жана буларды мектепте окутуу. Ф.: 1960. -71б.
11. Бердибаев Э., Рысбекова Б., Сартбаев К. Башталгыч класстардын кыргыз тилин окутуунун методикасы. - Ф.: 1978
12. Мусаева В.И. Алиппеге кадам. Окуу куралы. 5-7жаштагы мектепке чейинки курактагы бөбөктөр үчүн “Алиппе” Б.: ОсОО “Принт-экспресс”, 2018. – 138б.
13. Мусаева В.И. Тап-тап табышмак. Окуу куралы. Б.: 2016. Полиграфбумресурс
14. Мусаева В.И. Кыргыз элинин макал-лакаптары.Кыргызские народные пословицы и поговорки. Б.: Оптима технолоджис.2017. -102б.
15. Мусаева В.И. Алиппеге кадам // Окуу куралы. Б.: ОсОО “Принт-экспресс”, 2018. – 138б.
16. Мусаева В.И. Балдар риторикасы // Окуу куралы. Б.: Нур принт, 2018, - 486б.
17. Мусаева В.И. Жазуу маданиятын окутуунун теориясы менен методикасы // Окуу-методикалык курал. Б.: Транс Принт, 2018. -475б.
18. Мусаева В.И. Кеп маданияты: теориясы менен практикасы // Монография Б.: Транс Принт, 2018. -232б.

19. Мусаева В.И. Некоторые вопросы со словарями в процессе формирования культуры речи будущего учителя-педагога // Журнал. Екатеринбург, 2019, май.РИНЦ
20. Мусаева В.И. Кыргыз тили жана адабияты // Окуу-методикалык курал Б.: Алтын тамга, 2020, - 149б.
21. Мусаева В.И. Педагогика адистигиндеги студенттердин кыргызча кебин байытууда сөздүк менен иштөөнүн методикасы // Монография Б.: Алтын тамга 2019, -135б.
22. Мусаева В.И. Кеп маданияты жана стилистика // Окуу-методикалык курал Б.: Транс Принт 2020, - 213б.
23. Мусаева В.И. Көркөм окуунун практикуму боюнча сөз өстүрүүнүн теориясы жана методикасы // Окуу-методикалык курал Б.: Транс Принт 2020, - 74б.

**Рецензия: п.и.д., профессор Добаев Кыргызбай Дүйшенбекович**